## Улуттук банктын ноталары

*(2012-жылдын декабрь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Декабрь айында Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча өткөрүлгөн беш аукциондо жалпысынан 4,8 млрд. сом суммасына баалуу кагаздар жайгаштырылган, бул өткөн айдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 2,5 эсе жогору. Мында, декабрь айы ичинде суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмү 18,9 пайызга төмөндөп, 743,3 млн. сом чегинде катталган. Декабрь айында сатуунун бардык көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 7, 14 жана 28 күндүк ноталар түрүндө сунушталып, алардын көпчүлүк бөлүгү сатуу түзүмүндө 83,6 пайыз жалпы үлүшү менен үч коммерциялык банк тарабынан сатылып алынган. Натыйжада сатуунун орточо аукциондук көлөмү[1] декабрь айында мурунку айга караганда 20,4 пайызга жогорулап, 572,0 млн. сомду түзгөн. Кароого алынган мезгил аралыгында эмитент тарабынан өткөрүлгөн аукциондордун көпчүлүгүндө ноталарга суроо-талап көлөмү сунуш көлөмүнөн арткан, бул Улуттук банк тарабынан акча-кредит саясатын жүргүзүү максаттарына ылайык, декабрь айынын акыркы декадасынан тартып аукцион ичинде 915,0 млн. сомго чейин жогорулатуудан улам келип чыккан.

Декабрь айында жүгүртүү мөөнөтү 7, 14 жана 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү түрүндө сунушталган Улуттук банктын ноталарынын жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү 0,4 пайыздык пунктка төмөндөп, 2,8 пайызды түзгөн.

[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талап/сунуш көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлгөн аукциондордун саны туруксуз чоңдук болуп саналат.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




Кароого алынган мезгил аралыгында жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 3,1 млрд. сом деңгээлинде түптөлүү менен 60,5 пайызга жогорулаган. Юридикалык жактар-резиденттердин портфелинин салыштырма салмагын 7,3 пайыздан 0,4 пайызга чейин бир эле учурда төмөндөтүүдөн улам, Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучу коммерциялык банктардын үлүшү 12,3 пайыздык пунктка, 98,6 пайызга көбөйгөн.

Институционалдык инвесторлордун үлүшү 6,4 пайыздан 1,0 пайызга чейин азайган. Жеке адамдар-резиденттер аукционго катышышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.01.2012 | 1 366,4 | 1 065,3 | 78,0% | 19,4 | 1,4% | 0,2 | 0,0% | 281,5 | 20,6% |
| 01.02.2012 | 2 209,5 | 1 666,1 | 75,4% | 88,0 | 4,0% | 10,3 | 0,5% | 445,1 | 20,1% |
| 01.03.2012 | 2 313,0 | 1 527,6 | 66,0% | 162,9 | 7,0% | 1,1 | 0,0% | 621,5 | 26,9% |
| 01.04.2012 | 2 113,8 | 1 507,0 | 71,3% | 237,3 | 11,2% | 2,4 | 0,1% | 367,1 | 17,4% |
| 01.05.2012 | 2 072,4 | 1 424,6 | 68,7% | 224,5 | 10,8% | 2,3 | 0,1% | 421,0 | 20,3% |
| 01.06.2012 | 2 196,2 | 1 471,2 | 67,0% | 129,2 | 5,9% | 4,8 | 0,2% | 591,0 | 26,9% |
| 01.07.2012 | 2 063,9 | 1 477,8 | 71,6% | 341,7 | 16,6% | - | 0,0% | 244,3 | 11,8% |
| 01.08.2012 | 1 950,0 | 1 646,8 | 84,5% | 171,5 | 8,8% | 2,0 | 0,1% | 129,7 | 6,7% |
| 01.09.2012 | 1 494,4 | 780,3 | 52,2% | 588,9 | 39,4% | 2,0 | 0,1% | 123,2 | 8,2% |
| 01.10.2012 | 1 775,4 | 1 492,2 | 84,0% | 218,4 | 12,3% | 2,0 | 0,1% | 62,8 | 3,5% |
| 01.11.2012 | 1 900,0 | 1 689,7 | 88,9% | 146,1 | 7,7% | 1,3 | 0,1% | 62,9 | 3,3% |
| 01.12.2012 | 1 900,0 | 1 640,0 | 86,3% | 139,0 | 7,3% | - | 0,0% | 121,0 | 6,4% |
| 01.01.2013 | 3 050,0 | 3 006,4 | 98,6% | 13,5 | 0,4% | - | 0,0% | 30,1 | 1,0% |